**2020-2021-окуу жылына мектептин ишмердүүлүгү боюнча анализ**

I. 2020-2021-окуу жылынын башында же болбосо сентябрь айынын акыркы жумасында онлайн форматында 5-11-класстарда математика,кыргыз тили,тарых предметтеринен,7-11-класстарда физика,химия,англис тили,орус тили предметтеринен алынып,билим сапаты жалпы мектеп боюнча математика предметинен 11,5%,кыргыз тили предметинен 36%, тарыхтан 20%, физикадан 10%, химиядан 14%, англис тилинен 12,5%, орус тилинен 26,2% .

2020-2021-окуу жылындагы “0” срези 14,5% ти көрсөттү.

Өткөн 2019-2020-окуу жылындагы “0” срез менен салыштырсак -8,5% төмөн түшүп кеткен.

1.сабактардын сапаттуу берилишине катышуу жана көзөмөл жүргүзүү

2.Онлайн сабактарды өтүүдө кыйналган мугалимдерге семинарларды уюштуруу,жекече консултация берүү

3.Сентябрь айындагы директор алдындагы кеңешмеде “0” срездин жыйынтыгын кароо

Болбой эле окуучулардын өткөн окуу жылынын 4-чейреги онлайн форматында өтүлгөндүктөн окууга болгон кызыгуусу,эске тутуусу абдан түшүп кеткенин алынган срезден байкаса болот.

Срездер да онлайн форматында болду.

Кыргыз тилинен талапка ылайык окуучудан срез алынган жок,себеби балдар ар кандай себептер менен байланышка чыкпай коюшту.

5-класстан 14 окуучудан 2 гана окуучу жазып,билим сапаты-50% түздү.

Тестти толтурууда кетирген каталары-сүйлөм толуктоону,сөз түркүмдөрүн билишпейт.Тыныш белгилерин туура койо алышпайт.Этиштен кыйналып,алфавитти биле алышкан эмес.

6А-класстан 20 окуучудан 14 окуучу жазып,билим сапаты-60%

6Б-класстан 22 окуучудан 15 окуучу жазып,билим сапаты-50%

7-класстан 24 окуучудан 17 окуучу жазып,билим сапаты-76%

8-класстан 19 окуучудан 3 окуучу жазып,билим сапаты-33%

9а-класстан 24 окуучудан 14 окуучу жазып,билим сапаты-40%

9б-класстан 20 окуучудан 9 окуучу жазып,билим сапаты-22%

10-класстан 20 окуучудан 11окуучу жазып,билим сапаты-36%

11-класстан 34 окуучудан 11 окуучу жазып,билим сапаты- 50%

Окуучулардын жалпы кыргыз тили предметинен жетишкен жактары:

Фонетикалык талдоону,көпчүлүгү алфавитти жакшы билишет.Тыныш белгилерин койгондо да ката кетиришкен эмес.Морфология бөлүмүн түзүк билишет.Байланыштуу кеп боюнча берилген суроолорго толук жооп беришкен.

Бардыгынын кетирген каталары:

Аналогияны иштөөдө окшоштуктарды туура эмес табышкан,сүйлөм толуктоодо кыйналышат,кызматчы сөздөрдү туура эмес коюшат.Сөздүн курамы боюнча суроолор туура эмес белгиленген.

Орус тили сабагынан 1)контролдук срездер -11А,11Б,10,8,7-класстардан алынса,2) 7-8-класстардан диктант,3)10-11-класстардан тест алынды.

7-класстан 24 окуучудан 17 окуучу диктант жазышты.Кетирген каталары йоттошкон тамгаларды жазууда,үндүү жана үнсүз кылып коюшкан.Билим сапаты-12,5% түздү.

8-класста 19 окуучудан 15 окуучу диктант жазышкан.Билим сапаты-47,3% түздү.Бул класста да йоттошкон тамгаларды жазууда ката кетиришкен жана сөздөрдү кандай укса ошол бойдон жазышкан.
10-11-класстар тест жазышып,10-класстан 20окуучудан 8 окуучу жазып, билим сапаты-29,4% болду.Кетирген каталары жөндөмө мүчөлөрүн туура эмес коюшкан.

11-класстан болсо 34 окуучудан 15 окуучу тест жазып,билим сапаты-23,5%ти түздү.Сүйлөм толуктоодо жайгаштыруу орундарын билишпейт.

Жалпы мектеп боюнча орус тилинен алынган билим сапаты-28,1%

Орус тилинен “0” срезди алгандан кийин төмөнкүдөй жыйынтык чыгарса болот.

1. Окуучулардын өтүлгөн материалдарды өздөштүрүүсү начар
2. Окуп түшүнүүдө балдар берилген суроолорду түшүнө алышпайт
3. Тыныш белгилерин коюуда кыйналышат
4. Морфология,орфография бөлүктөрүн гана жакшы өздөштүрүшкөн.

Химия предметинен да срез тапшырууга абдан аз окуучу онлайн форматында чыгышты.9-11-класстардан тест жана эсептерди чыгаруу, реакцияларды теңдөө берилген.

9А-класстан 23 окуучудан 15 окуучу жазып,билим сапаты-31% ти түздү.
9Б-класстан 21 окуучудан 13 окуучу жазып,билим сапаты-46% болгон.

10-класстан 20 окуучудан 14 окуучу жазып,билим сапаты-21,4%

11-класстан 34 окуучудан 17 окуучу жазып,билим сапаты-23,5% ти түзүп,жогорудагыдай жыйынтык көрсөтүштү.

Кетирген каталары: эсеп чыгаруудан кычкылдандыруу даражасын табуудан,химиялык теңдемелерди теңдегенден,теңдеме түзүүдөн кыйналышып суроолор туура эмес белгиленген.

Жетишкендиктери: салыштырмалуу атомдук массаларын табуу, электрондук катмарларды табуу,элементтердин атомунун электрондук формуласын,чектүү көмүр суутектерге туура жооп бере алышкан.

Математика  предметинен 5,6А,6Б-класстарга Рысбек к.Касиет,7-класска Ногоева А,8-11-класстарга Ниязова Ч сабак беришет.Жазган анализдерине караганда  өткөн окуу жылындагы материалдардан алынып тест түзүлгөн.

5-класстан 14 окуучудан 10окуучу тест жазып,билим сапаты-40% түзгөн

6А-класстан 20окуучудан 9 окуучу тест жазып,билим сапаты-31% болду

6Б-класста 21 окуучу болсо,11 окуучу жазып,билим сапаты-36% болгон

Окуучулардын көпчүлүгүнүн кетирген каталары:эсеп чыгарууда сан огун салыштырууда,теңдемелердин тамырын табууда кыйналышкан.

Жетишкендиктери : сандык туюнтманын маанисин тапкандан жана маселелерди туура чыгарышкан.

8-класстагы билим сапаты -10%ти гана берди.

9А -классында болсо билим сапаты-16% ти берген.

9Б-класста 12% билим сапаты.

10-класста 10% билим сапатын беришкен.

11-класстагы билим сапаты-12% түзгөн.

Окуучулар бөлчөктү кыскартуудан,сандын стандарттык түрүн жазуудан,тамыр астынан чыгаруудан каталарды  кетиришкен.

Мугалим жогоруда кетирилген каталардын үстүнөн иш алып барып кийинки тесттерде натыйжа жакшы болоорун айтып ишендирүүдө.

Тарых сабагынан тест түрүндө срез алынып,

11-класстан 34окуучудан 4 гана окуучу катышып,билим сапаты-75% берди

10-класстан 22 окуучудан 8 окуучу тест жазып, билим сапаты-37,5% болду.

9А-класстан 23окуучудан 3эле окуучу тест жазып,билим сапаты-60% болду.

9Б-класстан болсо 21 окуучудан 5окуучу тест жазып,50% билим сапатын берди.

8-класстан 19 окуучудан 6окуучу тест жазып,билм сапаты-50% ти түздү.

7-класстан 24 окуучудан 18 окуучу тест тапшырып,билим сапаты-50% ти түздү

6А-класста 20 окуучу бар болсо,2 гана окуучу тест жазышты,экөө тең "4" деген баага жазып билим сапаты 100%ти түзүп калды.Албетте бул класстын билим сапатын бербейт.

6Б-класста 22 окуучу окуса,10 окуучу тест жазышкан жана 40% билим сапатын беришкен.

Тарых сабагынан 1,2-чейректе дүйнө тарыхы өтүлүп жатат,2-жарым жылдыкта же 3,4-чейректерде Кыргызстан тарыхы өтүлөт.Дүйнө тарыхынан окуу программасы  оор болгондуктан жогорудагыдай жыйынтык болуп калды деп предметтик мугалим түшүндүрдү.

"0" срезин алууда окуучулардын тест жазууга катышуусун абдан начар десем болот.Пандемия учуру болду деген шылтоо болбошу керек эле.Башка предметтерден окуучулардын катышуусу талапка ылайык эле болуп жатат.Мугалим окуучулар менен жакындан иш алып барып, кийинки тесттерде натыйжалуу жыйынтык чыгарууга милдеттендирилди.

Англис тили предметинен 5-11-класстардан тест алынды.

Жыйынтыгы 5-6-класстарда билим сапаты-29%

7-8-класстарда 19%  билим сапатын берсе,9-11-класстарда 17% болгону айтылган.Бирок предметтик мугалим ар бир класстан канча окуучу тест жазып жана класстар боюнча билим сапатын так көрсөтө алган эмес. Окуучулар кайсы нерселерди жакшы өздөштүрүп ,кайсы нерселерден кыйналганы да ачык айтылган эмес.Бул анализ аркылуу мугалим оз убагында тест албай,жөн салды гана маалыматтарды бергенин айткым келет.

Башталгыч класстардан 2-4-класстардан шар окуунун нормативин алышкан.

2А-класста 21 окуучу.Окуу ылдамдыгы -24,6%.

5бала нормадан ашат,15 бала нормага жетпейт.1 окуучу болсо окуу шарттары чектелүү норма менен окуйт.Окуучулардын окуу деңгээлинин түшуп кетиши өткөн окуу жылынын 4-чейрегинен баштап онлайн

форматында окуп калдагандыгы деп айткым келет.Себеби бардык эле ата-эне баласына талаптагыдай карап,окуусуна көңул бурбайт экен.

2Б-класста 20окуучу,окуу ылдамдыгы -25% болду.

4окуучу нормадан ашса,15окуучу нормага жетпейт,1 окуучу жетет.Бул класстын деле көйгөйү жогоруда аталган класстагыдай,ата-энелер менен тынымсыз байланышып,иш алып баруунун натыйжасында гана нормага жетүү мүмкүн экендиги айтылды.

3-класста 24 окуучу болсо,нормативден 9 окуучу ашат,нормага жеткен 6 окуучу,нормага 9 окуучу жетпейт.Нормага жетпеген окуучулардын ата-энелери менен телефон аркылуу байланышып,БТОыкмасын колдонуп балдарын окууту сунушу айтылды.

4а-класста 21 окуучу окуп, окуу ылдамдыгы 28% түздү. Нормадан 3 окуучу ашык окуса,3 окуучу нормага жетпейт,калган 15 окуучу нормага жетет.Нормага жетпеген окуучулардыната-энелри менен иштер алынып барылып жатат.Жыйынтыгы кийинки чейректе билинет деген ойдобуз.

4Б-класста болсо 20 окуучу окуса,6 окуучу нормадан ашат,8 окуучу нормага жетет. 6окуучу болсо нормага жетпейт.Окуучулар менен да алардын ата-энелери менен да жакындан иш алып барып жакшы натыйжа чыгарууга аракет жасайбыз дейт класс жетекчи.

| № | предмет | Билим сапаты % |
|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | 27 |
| 2 | Орус тили | 31 |
| 3 | Математика | 16 |
| 4 | Физика | 17 |
| 5 | Химия | 11 |
| 6 | Чет тили (англис) | 23,1 |
| 7 | 3-класс | 24 |
| 8 | 4А-класс | 24 |
| 9 | 4Б-класс | 30 |

**Жыйынтыктап айтсак** өткөн окуу жылынын 4-чейрегинен бери уланган аралыктан окутуу окуучулардын билим деңгээлин көрүнүктүү деңгээлгн түшүрүп койду.Башталгыч класстарда ата-энелердин жоопкерсиздигинен, балдарын тиешелүү деңгээлде байланыш менен камсыздабай,үйдөн көзөмөл талапка ылайык жасалбагандыгы себеп болсо,ортоңку жана жогорку класстарда болсо окуучулар айыл чарба жумуштары менен алектенип,байланышка убагында чыкпай,ата-энелер да телефон менен жана бирдик менен өз учурунда камсыздабагандыгы негизги себеп болду.Бир тараптуу ата-энелерди жана окуучуларды күнөөлөй бербей мугалимдер тараптан да педагогикалык чеберсиздик,балдарды телефондон сабак өтүүдө улам жаңы материал менен кызыктыра албагандыгы дагы себеп болуп жатат.Негизги предметтер болгон математика,тарых,кыргыз тили

сабактарынан алынган тесттин жыйынтыктары кубантаарлык эмес.
**Сунуш** предметтик мугалимдер “0” срезде кетирген каталардын үстүндө иш алып барууну колго алып,окуучулар менен жекече да иш алып барышсын.

Башталгыч класстын мугалимдери ата-энелер менен тыгыз байланышып, окуучулар менен иш алып барууну улантышсын

Окуу жылынын 1-жарым жылдыгынын аягында 5-11-класстарда негизги сабактардан кыргыз тили,орус тили,чет тили (англис), тарых, химия, физика математика административдик тесттер алынды.

**Срез алуунун максаты:**

“0”срездеги берген билим сапаты менен салыштыруу жана кайталанган кемчиликтерди аныктоо

Милдеттери :1) Окуучулар эмнеден көп ката кетиришет,аныктап,аныкталган маселе боюнча иш алып баруу.

2).Билим сапатын көтөрүү үчүн кандай интерактивдүү ыкмаларды колдонуу керектигин аныктоо

Кыргыз тилинен 9-11-класстардын бардыгына бирдей тесттик тапшырмалар берилген.

11-класстан 34 окуучудан 29 окуучу жазган.Билим сапаты-70% болгон.

10-класстан 18 окуучу болсо бардыгы жазган.Билим сапаты-88% болду.

9А-класстан 22 окуучудан 20 окуучу жазып,билим сапаты-85% түздү.

9Б-класстан 21 окуучудан 21и толук жазды.Билим сапаты-89% болду.

8-класста бардыгы 19 окуучу болсо 15 окуучу жазды.Билим сапаты-26% .

7-класста 24 окуучудан 22 окуучу тест жазып,9% билим саптын беришти.

6А-класстан 20 окуучудан 15 окуучу тест жазып,8% билим сапатын түзүштү.

6Б-класстан 22 окуучудан 19 окуучу жазып,20% билим сапатын беришти.

5-класста 15 окуучудан 14 окуучу жазып,28% билим сапатына ээ болушту.

Тесттик тапшырмалар жогорку класстарда сүйломдүн түрлөрү,морфология бөлүмүнөн,бир өңчөй мүчөлөрдүн сүйлөмдөгү аткарган синтаксистик милдети,этиштин терс формасы жана башка суроолор коюлган.Эмнегедир 9-11-класстарда тестти текшергенден кийин жогорку билим сапатын көрсөтүшкөн.Бул тапшырмалар онлайн форматында окуу жүрүп жатканда берилгендиктен мүмкүн бири-бири менен байланышып сабактарын начар өздөштүргөн окуучулар да жакшы жыйынтык бердиби деген ойго келүүдөмүн.70-85-88-89% билим сапаты чындыкка туура келбей турат.

Ортоңку звенодогу окуучуларга кептин түрлөрүнөн,стилдин түрлөрүнөн,фонетикадан,лексика бөлүмүнөн,жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү боюнча тесттик суроолор түзүлгөн.Бул класстардан тест мектепке келип окуп калганда алынгандыктан бири-биринен көчүрүүгө мүмкүнчүлүктөрү болбогондуктан алган баалары реалдуу эле болду же болбосо өтө төмөнкү жыйынтыкты беришкен.5,6Б,8-класстарда орто,6А,7-класстарда өтө төмөн көрсөткүчтү көрсөтүштү.Бул да болсо окуучулардын 9 ай сабакка көңүл бурбай жүрө бергендигинин кесепети деп эсептейм.

“0” срезге салыштырсам көрсөткүч -20-25%ке төмөн түшүп кеткен.

Жогорку звенодо окуучулар көбүнчө сүйлөмдүн түрлөрү,этиштин терс формаларынан,бир өңчөй мүчөлөрдүн сүйлөмдөгү синтаксистик милдеттерин аткарылышы боюнча каталарды кетиришкен.

Ал эми ортоңку звенодогу окуучулар фонетика жана лексика бөлүмүнөн, байланыштуу кептеги суроолорго,сүйлөмдүн түрлөрүнөн ката кетиришкен.

Орус тилинен 7,8,10,11-класстардан диктант түрүндө срез алынды.

7-класстан 24 окуучудан 17 окуучу диктант жазып,билим сапаты-29% болду.

Кетирген каталары: кызматчы сөздөрдүн алдында жана андан кийин тыныш белгилерди туура эмес коюшкан.Этишти жазууда “Ь” белгисин туура эмес белгилешкен.Кандай укса ошо бойдон жазып салышкан.

“0” срезге салыштырсам +6,5% өсүш болгон.

8-класстан 19 окуучудан 16 окуучу жазган жана билим сапаты-47%ти өскөн.

Кетирген каталары: йоттошкон тамгаларды жазууда,үндүү тамгалардын уңгу,мүчөгө ажырата алышпайт,тыныш белгилердин туура эмес коюлушу.

“0” срезге салыштырсак -0,3% төмөн түшкөн.

10-класстан 18 окуучудан 16 окуучу тест жазган,билим сапаты-29,4% болду.

Кетирген каталары: -не,-ни мүчөлөрүн туура эмес жазышат. “Ь”туура эмес жазышкан. Уңгу мүчөгө ажырата алышпайт “0” срезге салыштырсак -11,6% төмөн түшкөн.
11-класста 34 окуучу болсо тестти 27 окуучу жазып,23,5%билим сапатын берди.Кетирген каталары:-бес деген мүчөнү туура эмес жазышкан.Сүйлөмдө тире(дефис) туура эмес коюлган.Орус тилинин нормаларын сактай билишпейт. “0” срезге салыштырсак +15,5% өсүш болгон.

Химия предметинен срез химия сабагынан кошумча эсеп китепчелеринен жана НЦТнын тесттеринен алынган .

11-класстан 34 окуучудан, 23 окуучу тест жазып,билим сапаты-21% түздү.

10-класстан 20 окуучудан 13 окуучу тест жазган жана билим сапаты 23% болду. 9А-класста 22 окуучу болсо,анын 20окуучусу тест жазып,билим сапаты-20% ке жеткен.

9Б-класстагы 21 окуучудан 19 окуучу тестке катышып,26% билим сапатын беришкен.

8-класстан 19 окуучудан 12 окуучу тест жазып,33% билим сапатын түзүшкөн.

Жалпы окуучулардын кетирген каталары:8-класстар заттардын молекулалык массасын табуудан,элементтердин металл,металл эместерди айырмалай алышпайт,химиялык теңдемени түзүүдөн кыйналышкан.
9-класстар эсеп чыгаруудан,химиялык теңдемени түзүүдөн,кайсы элементтин металл эместик касиети күчтүрөөк экенин билишпейт.
10-класс химиялык теңдемени теңдегенди,электрондук катмарларды түзүүдөн ката кетиришкен.

Тест жазуудагы жетишкендиктери: химиялык теңдемедеги коэффицинттерди табууну S,P,d,f электрондордун санын.Эсеп чыгарууну,реакциядан белгисиз заттарды табуудан углеводороддодун жалпы формуласын табууну билишет.

Жогоруда айтылган кемчиликтердин бардыгын окуучулар менен кайрадан түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен кемчиликтердин үстүндө иштөө пландаштырылып коюлду.

Физика предметинен НЦТнын тестинен,А Эмилбековдун,Рымкеевичтин маселелер жыйнагынан алынып тест түзүлдү.өткөндөгү “0” срезге караганда окуучулар көбүрөөк катышты.

7-класстан 24 окуучунун бардыгы толугу менен катышып 20% билим сапатын көрсөтүштү.

8-класстан 19 окуучудан 15 окуучу тест жазып,16% билим сапатын берди.

9А-класста 22 окуучу болсо,17си тест жазып 18% билим сапатка жетишти.

9Б-класстагы 21 окуучудан 13 окуучу тест жазган.Билим сапаты 21% болду.

10-класстан 18 окуучудан 14 окуучу тест жазып,билим сапаты 20% болду.

11-класстан 34 окуучудан 33 окуучу жазып,20% билим сапатын берди.

Окуучулардын кетирген кемчиликтери: физикалык чоңдуктарды,алардын формулаларын билбегендиктери,бирдиктерди алмаштырып,маселенин шартын берилишине туура эмес жазгандыгы.

Жетишкендиктери: физика предметин жаратылыш менен айкалыштырып түзүлгөн тесттик суроолорго туура жооп бергендиги.

Англис тили сабагынан административдик тестти сөз окуп,которуп берүү,тааныш текст,тааныш эмес текстти шар окуу деп алынган.

11-класс 17%,10-класс-20%,9а-класс 19%,9б-класс-20%,8-класс-19%, 7-класс 24%,6а-класс 26%,6б-класс 24%,5-класс-27% болду.

Текстти окуганда, окутуп которгондо негизги көйгөй балдар  англис тилиндеги сөздөрдү туура эмес окуганы жана айтканы.Жаттап окуп алгандары текст эмне жөнүндө экенин дээрлик баары түшүнө беришпейт.

Математика сабагынан 5-6-класстарда тесттик материалдар окуу китебинен, 7-класста НЦТнын тестинен,8-11-класстарында эсептер жазылган кошумча китепчелерден алынды.

5-класста 14 окуучудан 10окуучу катышып,28% билим сапатын түздү.

6а-класста 20 окуучудан 13 окуучу тест жазып,20% билим сапатын түздү.

6б-класста 22окуучу болсо,13 окуучу тест жазып,22% билим сапатын беришти.

7-класстагы 24 окуучунун бардыгы толук катышып,20% билим сапатын түзүштү.

8-класстан 19окуучудан 14 окуучу тест жазып 20% билим сапатын көрсөттү.

9а-класста 22окуучудан 16 окуучу 16% билим сапатын берди.

9б-класста 21 окуучудан 14 окуучу биригип 12% билим сапатын берди.

10-класстан 18 окуучудан 17 окуучу тест жазды.Билим сапаты -16% болду

11-класстан болсо 34 окуучудан 29 окуучу тест жазды.Билим сапаты-17% болду.

Кетирген каталары:бүтүн көрсөткүчтүү даражанын касиеттерин колдонуу менен эсеп чыгарууда,ирроцианалдуу теңдемелерди чыгаруу, тригонометриялык функцияларды белгисиз синусун,тангенсин табышкан эмес.
Жетишкендиктери:теңдемелер системасын кошуу жолу менен эсеп чыгаруу, бүтүн көрсөткүчтүү даражанын касиеттерин туура колдонушкан.

Башталгыч класстардан 3,4А,4Б-класстардан математика жана кыргыз тили предметтеринен административдик тесттер алынган.

Жыйынтыгында 3-класста 26 окуучудан математика предметинен тестти 19 окуучу жазып,билим сапаты-34% болсо,кыргыз тилинен 19 окуучу жазып, 36% билим сапатын көрсөтүштү.

4А-класста адабий окуудан шар окуунун нормативи алынып,окуу ылдамдыгы 28% түздү. Математика предметинен 21 окуучудан 19 окуучу текшерүү иш жазып, 28% билим сапатын көрсөтүштү.

4Б-класста адабий окуу предметинен шар окуунун нормативи алынып,окуу ылдамдыгы -28%,математикадан алынган текшерүү иш -55% билим сапатын берген.Бирок бул өтө жогорку көрсөткүч.өзгөчө математика предмети үчүн.

Мугалим административдик текшерүү иштин материалдарын түзүүдө тыкыр дайынданып, окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн да ойго алышы керек деп ойлойм.

Административдик срезди жалпылап алганда төмөнкүдөй таблица келип чыкты.

| № | предмет | Билим сапаты % |
|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | 38,4 |
| 2 | Орус тили | 33,5 |
| 3 | Математика | 19,2 |
| 4 | Физика | 22,5 |
| 5 | Химия | 24,6 |
| 6 | Чет тили (англис) | 23,4% |
| 7 | 3-класс | 35 |
| 8 | 4А-класс | 28 |
| 9 | 4Б-класс | 41,5 |

Окуу жылынын февраль айынын акыркы жумасында 5-11-класстарда негизги сабактардан кыргыз тили,орус тили,чет тили (англис), тарых, химия, физика математика контролдук тесттер алынды.

**Срез алуунун максаты:**

**Окуучулардын билим деңгээлин текшерүү**

Милдеттери :1) Өткөн чейректерде алынган срездер менен салыштыруу

2).Кетирилген каталардын үстүнөн мугалим кандай иш алып барганын көрүү.

3.Мугалимдердин чеберчиликтерине баа берүү

Контролдук тестти 5-11-класстын окуучулары тапшырышты. Предметтик мугалимдер тест, диктант,шар окуунун нормативин алуу менен срез алышты.

Тарых сабагынан 140 окуучу тест тапшырып,билим сапаты-27,8% болду.

5-класстан 14 окуучудан 12 окуучу тест жазып, 1 окуучу "5", 4 окуучу "4", 6окуучу "3",1 окуучу "2" алышкан. Билим сапаты-41,6%.

6а-класстан 20окуучудан 16окуучу тест жазып,билим сапаты-56,2%

6б-класстан 22 окуучудан 17 окуучу тест жазып,билим сапаты-17,6%

7-класстан 24 окуучудан 21 окуучу тест жазып,билим сапаты-42,8%

8-класстан 19 окуучудан 12 окуучу тест жазып,билим сапаты-16,6%

9а-класстан 21 окуучудан 11 окуучу тест жазып,билим сапты-14,2%

9б-класстан 21окуучудан 18окуучу жазган. "4"тү 3 окуучу, "3"тү 15 окуучу алган. Билим сапаты-16,6%

10-класста 18 окуучудан 13 окуучу тест жазып,бир да окуучу натыйжа көрсөтүп билим сапатын берген эмес.Предметтик мугалим үчүн албетте бул абдан чоң көйгөй.Үстүнөн иш алып барууну мерчемделди.

11-класста 34 окуучу бар,бирок 20гана окуучу ошо күнү сабакка катышып,тест жазышкан. "4" алгандар-4окуучу, "3" алгандар-16 окуучу болду. Ошону менен билим сапаты-20%ти түздү.

Жалпылап айтканда тесттик суроолор окуу программасынан гана алынган админстративдик срезди дүйнө тарыхынан алсам,бул срезди программага ылайык Кыргызстандын тарыхынан гана алынды.5-класстарда байыркы доор боюнча 6 суроо берилсе,көпчүлүгү "Татемизм"-деген эмне деген суроого жооп бере алышкан эмес. Бул класска жаңы кирген предмет болгондуктан,терминдерге аталыштарга көп түшүнө албай жатышат.Бир гана Касымбекова М-бардык суроолорго туура жооп берген.Калгандары болсо 1 же 2 суроолорго туура эмес жоопторду беришкен. 6а-класстар өткөндөгү алынган срезде 15% билим сапатын көрсөтсө,мында 56,2% беришкен.Мурдагы алган тестте билим сапаты туура эле көрсөтүлсө керек деп ойлоп калдым,анткени бул класс бардык эле предметтерден төмөнкү жыйынтыкты берип жүргөн,тест алууда баары бири-биринен көчүргөнү даана эле көрүнүп турат. Башка класстарда дагы көрсөткүч өтө жакшы эмес,жогорку көрсөткүчтү берген класстарда бири-биринен көчүргөндүгү даана көрүнүп турат. Административдик срезде тарых сабагынан билим сапаты- 22,8 % болсо,контролдук срезде билим сапаты-27,8 % ошондо предметтик өсүш-5% болгон.

11-класста 28окуучу жазып билим сапаты-53%, 10-класстан 17окуучу жазып билим сапаты- 23,5%,9а-класстан 20окуучу жазып,билим сапаты-30%, 9б-

класстан 19 окуучу- 42, %,8-класстан 15 окуучудан – 33,3 % билим сапаты болду.7-класста 21 окуучу жазып билим сапаты-42% ,6а-класста 38% билим сапаты,6б-класста 44% билим сапаты,5-класста 46% билим сапты болду.

Окуучулардын жоопторун текшерүүдө 11-класстын окуучулары сөздөрдүн өтмө маанилерин,синтаксис бөлүмүн,морфология бөлүмүнөн суроолорго жакшы жооп беришкен.10-класстан диалектикалык сөздөр,сүйлөмдүн жасалыш ыгына карай бөлүнүшү,татаал сүйлөмдүн түрлөрү,9-класстар текст боюнча суроолордон темага карата суроолорго туура жооп беришкен.7-класстан морфология бөлүмүндөгү суроолорго туура жооп беришкен.6-класстар баш тамганын жана энчилүү заттардын,сөз түркүмдөрү боюнча суроолорго туура жооп беришкен.5-класстан окуучулары орфография боюнча,энчилүү заттардын жазылышынан туура жооп беришкен.

Туура эмес жооптор: 11-класс-тыныш белгилердин коюлушу,СЖМ мүчөлөрү

10-класстан-этиштин татаал формалары,лексика бөлүмүндөгү суроолор,

9-класстар синтаксис болүмүнөн татаал сүйлөмдүн түрлөрүнүн бөлүнүштөрү боюнча,8-класстан кептин түрлөрү боюнча суроолорго,7-класс этиштин өзгөчө формаларынын мүчөлөрү,6-класстардагы фразеологизмдерди чечмелеп берүүдө,5-класстар энчилүү заттарды жана жер –суу аттарын,татаал сөздөрдүн жазылыштарынан ката кетиришкен.

Математикадан 8-11-класстардан алынган контролдук тест-26% түздү.

8-класстан 19 окуучудан 16 окуучу жазып 30% билим сапатын беришти.

9а-класстан 21окуучудан 16 окуучу тест жазып,27% билим сапатын беришти.

9б-класстан болсо 21 окуучудан 18 окуучу жазып билим сапаты-29% болду.

10класста 18 окуучу болсо 13 окуучу тест жазып,21% билим сапатын беришти.11-класстан 34 окуучудан 29у тест жазды жана 26% билим сапатын беришти.

Жетишкен жактары:8-класс бөлчөктөрдү кыскартууну,толук эмес квадраттык теңдемени чыгарууну,тамырдын негизинде теңдемени туура түзө билгенди жакшы өздөштүрүшкөн.Кетирген каталары:даражалардын касиеттерин туура эмес жазышкан жана даражаны көбөйтүүдө кошуп,бөлүү болгондо кемите турганын эске алышкан эмес.9-класстарда арифметикалык прогрессиянын жана геометриялык прогрессиянын белгисиз мүчөсүн табуу жана 2 өзгөрмөсү бар тендемелер системасын чыгаруу,функциянын аныкталуу областын табуу,квадраттык 3 мүчөнү табуу керек болсо, класстарда арифметикалык прогрессиянын жана геометриялык прогрессиянын белгисиз мүчөсүн туура табууга жетишишкен.Кетирген каталары:функциянын аныкталуу областарын туура эмес табышкан жана квадраттык 3 мүчөнү көбөйтүүчүлөгө туура эме ажыратышкан.

10-класстан бөлчөктүн бөлумүн иррационалдуулуктан кутулуу, тригнометриялык туюнтмаларды жөнөкөйлөтүү,функциянын туундусун табуу,көрсөткүчтүү тендемелерди чыгарууга мисалдар берилген болсо, жөнөкөй жана татаал функциянын туундусун туура табышкан.

Кетирген каталары: бөлчөктүн бөлумүн иррационалдуулуктан кутулуу, тригнометриялык туюнтмаларды жөнөкөйлөтүүнү туура эмес аткарышкан.

11-класс-2 өзгөрмөсү бар сызыктуу тендемелер системасы,туюнтмаларды бөлүү, туюнтмаларды жөнөкөйлөтүү,татаал функциянын туундусун табуу,тригнометриялык функциянын туундусун табуу берилген.

Туура чыгарышкан-функциянын туундусун табууну гана дээрлик бардыгы туура чыгарышкан.Кетирген каталары: , туюнтмаларды жөнөкөйлөтүү,татаал функциянын туундусун табуу,тригнометриялык функциянын туундусун таба алышкан эмес.Албетте жогоруда кетирилген каталардын үстүндө предметтик мугалим тез арада үзгүлтүксүз иш алып баруусу зарыл экендиги көрүнүп турат.

Химия предметинен 8-11-класстардан тест алынды жана жыйынтыгы төмөнкүдөй болду:11-класс 23 окуучу жазып,13%,10-класс 14 окуучу жазып,21,4%,9а-класстан 16 окуучу жазып,25%,9б-класстан 18 окуучу жазып,27,7%,8-класстан 15 окуучу жазып,26,6% билим сапатын беришкен.

Жалпы мектеп боюнча химия сабагынан билим сапаты-22,7%

Кетирген каталары: эсеп чыгаруудан,химиялык теңдемедеги коэффиценттердин суммасын аныктагандыкан,формуладагы атомдордун санын атагандан,химиялык теңдемеден,эсеп чыгаруудан эңнегизги функционалдык группаны табуудан,жалпы формулаларды тапкандан, химиялык айлануулардан ката кетиришкен.Жетишкен жактары:химиялык теңдемедеги коэффиценттерди табууну,эсеп чыгаруу эрежесин билишет,айлануу реакциясын чыгара алышат.

Биология сабагынан 6-10-класстан тест алынып,10-класстан 14 окуучу 21,4%

9а-класстан 14 окуучу жазып,21,4%,9б-класстан 16 окуучу жазып,31,%,8-класстан 17 окуучу 26,6%,6а-класс 17 окуучу 23,5%,6б-класс 19окуучу 26,3% билим сапатын беришкен.Жалпы билим сапаты-25,5% түзгөн.

Кетирген каталары: Митоздун фазасын,эмне себептен Г.Мендель өзүнүн тажрыйбасында буурчакты пайдаланганды,клеткада нукелин кислатасы кандай функция аткарарын,тердин бөлүнүп чыгышынан,түрдүн критерийлеринен,тамак сиңирүү борборунан,транспорттук кызматты,эмне аткарарын,папоротник,кырк муун,жылаңач уруктуулар,түрү өзгөрүлгөн өркүн боюнча ката кетиришкен.

Жетишкен жактары:Папортоник ,кырк муун боюнча түшүнүгү бар,венадан кан акканда жардам көрсөтүүнү,мээнин болүктөрүн өздөштүрүшкөн.

Физика предметинен алынган срездин жыйынтыгы:7-класс-20,2%билим сапаты 23 окуучу катышкан.8-класстан 15 окуучу жазып,билим сапаты-20%, 9а-класстан 15 окуучу жазып,20%,9б-класстан 21% 15 окуучу берген.

10-класстан 14 окуучу жазып,20,1% беришкен,11-класстан 25 окуучу жазып,20,2% билим сапатын беришкен.Жалпы билим сапаты-21% болду.

Жетишкен жактары:маселени чыгарууда формулаларды туура пайдаланышкан.

Кетирген каталары:физикалык чоңдуктарды,алардын формулаларын билбегендиктери,формулаларды ордуна койгондо чаташтырып алышат.

Формулаларды,алардын бирдиктерин билүү,формуладан формула чыгарууну тереңдетип өздөштүрүүнүн үстүндө иш алып барышы керек.

Орус тилинен 3,4а,4б,5,6а,6б,9а,9б-класстарда диктант алынды.

3-класста 22 окуучу диктант жазды.Класстын билим сапаты канааттандырарлык.Балдар көбүнесе каталарды йоттошкон тамгаларды жазууда,кандай укса ошондой жазып коюшуп кетиришкен.Билим сапаты-40%. 4а-класстан 20 окуучу жазып 48% билим сапаты болду.Бул класста да йоттошкон тамгаларды жазууда,кандай укса ошондой жазышкан,сүйлөмдүн аягында ичкертүү белгилерин койо алышпайт.Билим денгээли жакшы.

4б-класстан15 окуучу диктант жазып26,3% билим сапатын көротүшкөн. Йоттошкон тамгаларды жазууда,кандай укса ошондой жазышкан,сүйлөмдүн аягында ичкертүү белгилерин койо алышпайт.Паралелль класска салыштырмалуу билим деңгээли начар.

5-класстан 14 окуучудан 12 окуучу диктант жазып билим сапаты-41% болду.

6а-класстан 17 окуучу жазып,билим сапаты-38%,6б-класстан 18 окуучу жазып,билим сапаты-35% болду.

9а-класстан 19окуучу жазып билим сапаты-42% билим сапатын берсе,9б-класста 16 окуучу жазып,38% билим сапатын көрсөттү.Мектеп боюнча жогоруда аталган класстардын жалпы билим сапаты-40,2%

Жыйынтыктап айтсак мугалим сабак өтүп жатканда морфология, фонетика, синтаксистин эрежелерине токтолушу керек жана орфографиялык, пунктуациялык ,грамматикалык каталарды кетиришинин себептерин аныктап,кайра-кайра жат жазуу алышынын зарылчылыгы келип чыгып жатат

7,8,10,11-класстрга орус тили предметинен Оторбаева Э.К срезге диктант алган.Анда 7-класстан 24 окуучудан 19 окуучу жазып 33,3% билим сапатын көрсөтүшкөн.Кетирген каталары-ичкертүү белгилерин койо алышпайт,ЖИ,ШИни туура жаза алышпайт,кош жана кошмок сөздөрдү ажырата алышпайт. 8-класстан 16 окуучу диктант жазып,42,1% билим

сапатын көрсөтүштү.Кетирген каталары-йоттошкон тамгаларды жаза алышпайт,уңгу мүчөнү ажырата билишпейт,Ц тамгасы келген сөздөрдү туура жаза алышпайт.10-класстан 15 окуучу жазып,33,3%билим сапатын көрсөтүштү.Кетирген каталары-не,ни туура жазышпайт,ичкертүү белгилерин тууракоюшпайт.11-класстан 34 окуучудан 13 окуучу гана диктант жазган жана 29,4% билим сапатын беришкен.Орус тилинин нормаларын билишпейт, Ц катышкан сөздөрдү ката жазышат.Бул жерде да пунктуациялык, орфографияык каталардын үстундө иш алып барып,жогоруда кетирилген кемчиликтердин үстүндө иш алып баруу сунушталды.

Англис тили предметинен текстти окуп түшүнүү жана айтып берүү боюнча норматив алынган.Алгач тааныш эмес тексттен,андан соң тааныш текстти окутуудан норматив алынган.Жогорку звено боюнча 11-класста 20% билим сапаты,10-класста-22% билим сапаты,9а-класста-22% билим сапаты,9б-класста 23%,8-класста 21% билим сапатын көрсөткөн.

Ортоңку звенодо болсо 7-класста-26%,6а-класста 28%,6б-класста-28%,5-класста -36% билим сапатын көрсөтүшкөн.Мектеп боюнча англис тилинен билим сапаты-23,4%

Англис тили сабагында окуучулар башынан эле оозеки көнүгүүлөрдөн абдан кыйналышат жана тааныш эмес тексттерди окуп которгондо,сөздүгү жок которо алышпайт.Сөз байлыктары аз,сүйлөм жана диалог түзүүдө кыйналышат.

Башталгыч класстардан 2а-класстан кыргыз тилинен тест алынып, билим сапаты-47,3% түздү.Кетирген каталары-тамгалардын элементтерин бузушкан,тыбыштык талдоодо ката кетиришкен.

2б-класстан шар окуунун нормативи алынган.Окуу ылдамдыгы -31% түзгөн.

Окуу ылдамдыгын текшерүүдө,Кенжебекова А,Жолдошбекова Н, Бузурманкулов З,Каракеев А,Каракеев А аткара алган жок.Ата-энелери тарбынан көзөмөл жок болгондуктан жогоруда атлган окуучулар нормага жете албай жатышат.

3-класстан шар окуунун нормативи алынган. Нормадан көп окугандар-8 окуучу,нормага жеткени-12 окуучу,нормага жетпегендер 6 окуучу.Нормага жетпегендер-Тюлебердиев А,Мырзакулова Р,Кубатова Ж,Данияров А,Бакытбекова Р,Кубатбеков У бул окуучулардын ата-энелери менен байланышып иш алынып барылууда .

4а-класстан шар окуунун нормативин 5 окуучу ашыгы менен аткарды.АбыкеевТ,Маратбеков Б,Мекеабдуллаев Э нормага жетишпейт. Сабактарды да көп калтырышкандыктан ушундай натыйжа болуп жатат дегим келет.Ата-энелери менен байланышып,кийинки срезге чейин жеткириш керек.Окуу ылдамдыгы-38%

4б-класста 5 окуучу нормадан ашса,5 окуучу нормага жетпейт.Алар Абылбеков А,КумакееваГ,Ниязбеков А,Насипкулова Ж,Жумабеков Ф

Бул окуучулар менен жана ата-энелер менен да жакындан иш алынып барылып,жакшы натыйжа чыгаруунун үстундө иш алып баруу сунушталды.

**“0”срезде** кыргыз тили предметинен 36%, тарыхтан 20%, физикадан 10%, химиядан 14%, англис тилинен 12,5%, орус тилинен 26,2% ,математикадан-11,5% болсо,
**административдик срезден** кыргыз тили 38,4%,орус тили, математика предметинен 11,5%, 33,5%,математика 19,2%,физика -22,5, % химия 24,6%,чет тили (англис)23,4%,3-класс 35%,4А-класс 28%,4Б-класс 41,5%
**текшерүүчү срездин** жыйынтыгы-кыргыз тилинен -56%,тарыхтан -27,8%,математикадан -26%,химиядан-22,7%,биологиядан -21,4%,физикадан--21%,орус тилинен-40,2%,англис тилинен-23,4%, 2а-класс-76,1%, 2б-класс-73,6%, 3-класс-73% 4а-класс-76,1%,4б-класс-73,6%.

Ошондо өсүш кыргыз тилинен-17,4%,орус тилинен-67%,математикадан-10%,

физикадан-2,1% англис тилинен өсүш жок,химиядан 2% томөн түшуп кеткен.

**Жыйынтыктап** айтканда баштапкы жана административдик срездерге караганда билим сапатында жылыш бар.Кыргыз тили,орус тили предметтеринде мугалимдер пунктуациялык жана орфогрфиялык каталардын үстүндө иш алып баруусу ачыкталды.Орус тилинен йоттошкон тамгаларды жазууда дээрлик баардык класстар ката кетирсе,орусча сөздөрдү кандай укса ошондой жазып койгондор да бар.Бул кеткен каталардын үстүндө мугалим үзгүлтүксүз иштеп,жыйынтык чыгаруусу милдеттендирилди.Математика сабагында элементардык каталарды көп кетиришкен.Мугалимге иш алып баруу милдеттендирилди.Химия,физика предметтеринде балдар эсеп чыгарууда формулалар менен иштөөдө кыйналышканын көрсө болот,англис тилинен алынган срез түшүнүксүз болду,кийинки срезди же тест түрүндө же диктант түрундө алуу сунушталды.Башталгыч класстардан 2а-класстан башкалары же 2б,3,4а,4б-класстар шар окуунун нормативин алышкан.Окуу ылдамдыктары 31-38% гана берген албетте бул талапка жооп бербейт. Окуунун 2-жарым жылдыгы ортолоп калганына карабай окуу ылдамдыгынын % аз.Бул башталгыч класстын мугалимдерин ойлондурууга тийиш.

СУНУШ-контролдук же текшерүүчү срез учурунда окуучулар тарабынан кетирилген каталардын үстүнөн предметтик мугалимдер иш алып барып,окуучулар менен жекече иштешсин

Мектепте жалпы окуучулардын саны-361
Отличник-1
Ударниктер-80

Олимпиаданын 2-туруна мектептен 7 окуучу катышты

1.кыргыз тили-Искендерова Н-11-кл,Батырбек к.А-10-кл
даярдаган мугалими-Дюшембиева А.Е

2.орус тили-Шаймерденова А-11-кл

Даярдаган мугалими-Оторбаева Э.К

3.География-Жумакадыров Э-11-кл,Толонова А-10-кл

Даярдаган мугалими-Кадырова М.М

4.Биология-Кутмидинова А-11-кл,Мухтарбекова Ы-10-кл

Даярдаган мугалими-Джоошева Б.Р
10-класстын окуучусу Батырбек кызы А кыргыз тилинен 1-орун
11-класстын окуучусу Искендерова Н- кыргыз тилинен 2-орун
10-класстын окуучусу Толонова А географиядан 3-орун
11-класстын окуучусу Жумакадыров Э географияда н 4-орунга ээ болушту